КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

АК-ДӨБӨ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
АК-ДЮБИНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

ДЕПУТАТТАРДЫН АК-ДӨБӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН XXVIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

# ТОКТОМ

2023-жылдын 27-ноябрындагы №93 Тилекмат айылы

**Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн "2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"**

Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кенешинин финансы - экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын кароосунда каралып, Ак-Дөбө айыл аймагынын айылдык кеңешинин төрагасы А.Тыныбековдун наамына, айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин наамына түшкөн кайрылуулардын жана жумуштун муктаждыгына байланыштуу 2023-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча айыл өкмөт башчысы М.Алиевдин сунуштарын угуп жана талкуулап Ак-Дөбө айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1. Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын жергиликтүү бюджетине 9 айынын жыйынтыгы менен өзгөртүлөр киргизилсин:
2. «Түндүк» программасы менен иш алып барууга WEB-видео камера алынсын.(сметага ылайык)
3. Иштин муктаждыгына байланыштуу айылдык кенешке ноутбук жабдыктары менен, диктофон алынып берилсин. (сметага ылайык)
4. Республикалык бюджеттен түшкөн максаттуу транферт 298,9 (эки жүз токсон сегиз миң тогуз жүз) сом жана жетишпеген сумма жергиликтүү бюджеттен 386,6 (үч жүз сексен алты миң алты жүз) сомго толукталсын Мундуз айылындагы «Гулия» бала бакчасына ашканага керектүү буюмдары жана балдардын уктоо бөлмөсүнө керектүү жабдыктары (жууркан, шейшеп) алынсын.
5. «Бактылуу балалык» бала бакчанын ашканасын оңдоп түздөө иштерине 25490 (жыйырма беш миң төрт жүз токсон) сом бөлүнсүн.
6. Аң-Өстөн айылынын тургуну А.Уметовдун кайрылуусунун негизинде 74100 (жетимиш төрт миң бир жүз) сом сметасына ылайык бөлүнүп берилсин.
7. С.Давлетов мектебине жана Ак-Дөбө китепканасына интернет коюуга- 15710 сом бөлүнсүн.

8. Тилекмат, Мундуз китепканаларынын кайрылууларынын негизинде 190,5 сметаларына ылайык алынып берилсин.
9. Ы.Сооронбаев мектебине 3-в-1 принтер алууга акча каражаты бөлүнсүн.
10. Ак-Дөбө айыл аймагындагы ачылыш аземдерине 250,0 сом акча каражаты каралсын.
11. Жыл жыйынтыгына карата жергиликтүү бюджеттен 100,0 сом бөлүнсүн.
12. ДЕЛИКА автоунаасынын акчасы жайыттын бет эсебине 279860сом которулуп берилсин жана ордуна автоунаа алынсын.
13. Ак-Дөбө айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы М.А Алиевке жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысынын милдетин аткаруучу М.Тутаевага акча каражатын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.
14. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кенешинин финансы экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Баямановко тапшырылсын.

**Төрага** **А.Тыныбеков**